УДК 338:796.5

**Мухаметжанова Т.Н., Самантуров Б.С.**
Арабаев атындагы КМУнун география жана аны окутуу технологиясы кафедрасынын магистранттары
**Мухаметжанова Т.Н., Самантуров Б.С.**
Магистранты кафедры географии и технологии ее обучения КГУ им.И.Арабаева
**Mukhametzhanova T.N., Samanturov B.S.**
Undergraduates of the Department of Geography and Technology of its Teaching, Arabaev KSU

## ЫСЫК-КӨЛДҮН ЧЫГЫШ БӨЛҮГҮНҮН РЕКРЕАЦИЯЛЫК РЕСУРСТАРЫ

## РЕКРЕАЦИОННЫЕ РЕСУРСЫ ВОСТОЧНОЙ ЧАСТИ ИССЫК-КУЛЯ

## RECREATIONAL RESOURCES OF THE EASTERN PART OF ISSYK-KUL

**Аннотация:** Ысык-Көлдүн чыгыш бөлүгүнүн рекреациялык ресурстарынын азыркы учурдагы абалы, пайдалануусунун мүнөзү, антропогендик терс таасирлердин натыйжасында табигый ресурстарынын өзгөрүшүнө баа берүү жана геоэкологиялык өзгөчөлүктөрүнө мүнөздөмө берүү боюнча маалыматтар берилген.

**Аннотация:** В статье предоставляется информация о текущем состоянии рекреационных ресурсов в восточной части Иссык-Куля, характере их использования, оценке изменений природный ресурсов в результате антропогенного воздействия и характеристике геоэкологических особенностей.

**Abstract:** The article provides information on the current state of recreational resources in the eastern part of Issyk-Kul, the nature of their use, the assessment of changes in natural resources as a result of anthropogenic impact and characteristics of geoecological features.

**Негизги сөздөр:** жаратылыш ресурстары, сарамжалдуу пайдалануу, рельеф, климат, өсүмдүктөр, маданий-тарыхый эстеликтер, рекреациялык ресуртар, кен-байлыктар.

**Ключевые слова:** природные ресурсы, рациональное использование, рельеф, климат, растительность, культурно-исторические памятники, рекреационные ресурсы, полезные ископаемые.

**Key words:** natural resources, rational use, relief, climate, vegetation, cultural and historical monuments, recreational resources, minerals.

Калктын социалдык – экономикалык жактан өнүгүүсү, табигый байлыктарды сарамжалдуу пайдалануу менен тыгыз байланышкан. Табигый ресурстардын социалдык – экономикалык жана экологиялык мааниси абдан чоң. Табигый байлыктарды пайдалануудагы кетирген кемчиликтер экологиялык көйгөйлөрдүн тез темп менен өсүшүнө алып келди. Өлкөбүздүн базар экономикасына өтүшү, баалардын туруксуздугу, экономикалык байланыштардын бузулушу, менчиктештирүүнүн жаңы формаларынын пайда болушу ж.б. экономикалык маселелер адамзаттын айлана – чөйрөгө жана жаратылыш ресурстарына тийгизген таасирин жаңыча көз караш менен кароого түрткү берип отурат. Ушундай татаал мезгилде экономикалык маселелерди чечүүдө жаратылыш ресурстарын пайдалануусуз жүрбөйт. Азыркы учурда жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жана коргоо маселелери бир эле Кыргызстандын эмес бүткүл дүйнө өлкөлөрү үчүн негизги маселе бойдон калууда [1].

Бүгүнкү күндө жаратылыш ресурстарына болгон антропогендик таасирлер күчөдү. Ошондуктан башка региондордой эле изилденип жаткан аймактын рекреациялык ресурстарына баа берүү менен аларды коргоо, сарамжалдуу пайдалануу жана ар түрдүү терс таасирлерге каршы иш чараларды жүргүзүү учурдун **актуалдуу** маселеси болуп саналат.

**Рекреациялык ресурстар** – бул калктын эс алуу жана туризм багыты боюнча керектөөлөрүн камсыз кылууга багытталган ресурстардын баардык түрлөрү. Рекреациялык жайлар коомдун рекреациялык муктаждыктарын камсыз кылат жана табигый жана антропогендик болуп экиге бөлүнөт. Табигый рекреациялык ресурстарга табигый комплекстер жана алардын компоненттери кирет (рельеф, климат, өсүмдүктөр, көлдөр, көлмөлөр жана маданий-тарыхый эстеликтер).

Ысык-Көл облусу Кыргызстандын чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. 1939-жылы 21-ноябрда түзүлгөн. 1959-жылы 27-январда жоюлуп, кайра 1970-жылы 11-декабрда уюшулган. 1988-жылы 5-октябрда Нарын облусу биригип, 1990-жылы 14-декабрда алар кайра бөлүнгөн. Борбору – Каракол шаары. Курамында 5 район (Ак-Суу, Жети-Өгүз, Тоң, Түп, Ысык-Көл), 3 шаар, 5 шаарча, 58 айыл өкмөтү жана 181 айыл бар. Түндүгүнөн жана түндүк чыгышынан Казакстан, чыгышынан жана түштүк чыгышынан Кытай, батышынан жана түштүк батышынан Нарын, түндүк батышынан Чүй облустары менен чектешет. Аянты 43,1 миң $км^2$ (республиканын аянтынын 21,6%). Калкы 419,7 миң адам [1].

Ысык-Көл облусунун жаратылыш шарттары өтө татаал жана ар түрдүү. Бул жерде бүткүл Тянь-Шанга мүнөздүү болгон бийиктик жаратылыш тилкелери бар. Ал эми Ысык-Көл өрөөнү менен сырттарында жаратылыш шарттары бири - бирине кескин айырмаланып турат.

Ысык-Көл өрөөнүнүн узундугу 240 км, кеңдиги 100 км ге жетет. Өрөөндүн борбордук бөлүгүн Ысык-Көл ээлейт. Көлдүн айланасындагы түздүктөр батышта жана өзгөчө чыгышта кеңири түздүктөргө өтүп кетет [2, 3].

Чыгышта Түп жана Жыргалаң өрөөндөрүндөгү түздүктөрдү Тасма-Кара - Нар дөңсөөсү бөлүп турат. Ысык-Көлдүн сырттарынын жеринин бети негизинен тайпак тоолор аймагынан турат. Тескей Ала-Тоосу менен Какшаал кырка тоосунун ортосундагы дээрлик кеңдик багыттагы кырка тоолор чыгышта Хан - Теңири тоо тоомуна өтүп кетет. Бул жерде бүткүл Тянь-Шандагы эң бийик чокулар: Жеңиш 7439 м жана Хан-Теңири 6695 м жайгашкан. Ысык-Көл обласынын аймагында жогорку протерезойдон төртүнчүлүк доорго чейинки тоо тектери кезигет тоо кыркалары негизинен палеозойдук кристалдык тектерден турат, ал эми өрөөндөр кайназой эрасынын тектерине толгон [5, 6].

Ысык–Көл облусунун чыгыш тарабында үч район, атап айтсак Ак-Суу району, Жети-Өгүз району, Түп району жайгашкан.

Ысык -Көл облусундагы административдик району – бул Ак-Суу району. 1973-жылы 12-апрелде Түп районунан бөлүнгөн. Түндүгүнөн Түп району, түндүк чыгышынан Казакстан, батышынан Жети-Өгүз району, түндүк чыгышынан Кытай менен чектешет. Аянты 10,1 миң $км^2$, Калкы 57,0 миң адам. Райондо 13 айыл өкмөтү, 41 кыштак бар. Райондун борбору – Каракол шаары. Жеринин бети тоолуу; Кантеңир тоо 591 тоосунун (Жеңиш чокусу, бийиктиги 7439 м) батыш бөлүгүн, Сары-Жаз суусунун алабын, Тескей Ала-Тоонун чыгыш бөлүгүн, Тасма дөңсөөсүнүн чыгыш капталын (бийиктиги 1800–2400 м) жана Жыргалаң өрөөнү ээлейт [4]. Кен байлыктарынан көмүр, коргошун, калай, кайнатма туз, курулуш материалдары бар. Минералдуу ысык сууларга (Алтын-Арашан, Ак-Суу, Жыргалаң) бай.

Кантеңир тоо тоому мөңгүлүү, ирилери: Түндүк жана Түштүк Эңилчек, Кайыңды жана башка. Ири суулары: Сары-Жаз, Жыргалаң, Түргөн-Аксуу, Кара-Кол ж. б. Тоолорунда көлдөр (Мерцбахер жана башкалары) көп. Кыртышы 2400 м бийиктикке чейин ачык жана кара коңур

топурактуу, андан жогору тоонун талаа кара топурагы таралган. Тоо этектери күрөң топурактуу. Сугат жана кайрак жер дыйканчылыгы өнүккөн. 2000 – 3000 м бийиктикте карагай токою жана бадал өсөт; субальп шалбаасы чабынды жана жайыт катары пайдаланылат. Деңиз деңгелинен 2500-3000 м жогору альп шалбаа өсүмдүктөрү өсөт. 3500-4000 м бийиктикте түбөлүк кар жана мөңгү алкактары жатат [4]. Тоолору жайыт, өрөөнү кыштоо катары пайдаланылат. Жаныбарлары: тоо эчки, бугу, аюу, доңуз, илбирс, карышкыр, суур, түлкү, кашкулак, коён; куштардан – кыргоол, маңкаказ, кекилик, бүркүт жана башкалары кездешет. Райондун аймагында Ак-Суу мамлекеттик аңчылык заказниги уюштурулган (аянты 32,4 миң га). Калкы көп улуттуу; негизинен кыргыз (45117), ошондой эле орус, калмак, украин, өзбек, уйгур, казак, дуңган жана башкалар жашайт. Калк райондун түндүк түзөң бөлүгүндө жышыраак отурукташкан. Калктын жыштыгы: 1 $км^2$ жерге орто эсеп менен 6 киши туура келет. Табигый өсүшү 2012-жылкы маалымат боюнча 16,6 кишини түзөт. Көбү айыл-кыштактарда жашайт. Аймагында Кара-Кол шаары, Жыргалаң жана Пристань-Пржевальск шаарчалары жайгашкан. Чарбасынын негизин айыл чарбасы түзөт. Райондо айыл чарбачылыгына жарактуу 46,6 миң га, жердин 35,2 миң гасын айдоо (анын 41 миң гасы сугат жер, 5,6 миң гасы кайрак жер), 13 миң га мөмө-жемиш бактары, 302,6 миң гасын жайыт, 2,3 миң га ын чабынды ээлейт [5, 6]. Негизги айдоо аянттары көлдүн жээгинде жана Тескей Алатоонун этектеринде, ал эми жайкы жайыттары Тескей Алатоонун өрөөн капчыгайларында жана Какшаал бийик тоолуу аймагында жайгашкан. Негизинен картөшкө жана буудай 592 түрү өстүрүлөт. Малдын санынын азайышына байланыштуу көп жылдык өсүмдүктөр ээлеген айдоо жерлердин аянттары кыскартылып, алардын ордуна башка айыл чарба эгиндери өстүрүлүүдө. Өнөр жай анча өнүккөн эмес. Райондун аймагында жергиликтүү маанидеги Жыргалаң шахтасы, Каракол механикалаштырылган токой чарбасы жана турмуш тиричилик жактан тейлөөчү ишканалар бар. Сары-Жаз дарыясынын алабында калай, вольфрам, коргошун түстүү металл кендери чыгат. Райондо чакан менчик ишканалары өнүгүүдө. «Кумтөр Оперейтинг компани» менен Эңилчек кичи менчик өндүрүштүк ишканасы биргелешип алтын менен вольфрам концентратын өндүрүүдө. Биргелешкен ишкананын дүң жыйымы 22,5%ти түзөт. Советтер Союзу тараган маалда мал көп багылгандыктан жайыттардын экологиялык абалы кыйла начарлап кеткен. Азыркы учурда малдын (айрыкча койдун) санынын азайып кеткендигине байланыштуу бийик тоолуу жайыттар дээрлик пайдаланылбай калганы байкалды. Тескей Ала-Тоодон Кара-Кол шаарынын түштүгүнө чейин 100 миң га жерди токой массиви ээлейт. Токойдун негизин арча, карагай, акчечек, ошондой эле талаа, шалбаа өсүмдүктөрү, бадалдар түзөт. Райондо альпинизм, аңчылык жана башка туризмдин түрлөрүнүн өнүгүүсү үчүн зор мүмкүнчүлүктөр бар. Альпинизмдин чордонун Кантоо, Жеңиш чокулары түзөт. Туристтерди райондун ажайып кооз тоо токойлуу жерлери да өзүнө тартат. Ал жерлерге облустун борбору – Каракол шаарынан түрдүү транспорт менен оңой жетип алууга болот.

Чыгыш Ысык-Көл бул тоо арасындагы жаратылыш түзгөн өзгөчө бир керемет ажайып кооз жер. Байыркы замандан бери Чыгыш Ысык-Көлгө келгендер жана бул жерде жашаган элдер анын кооздугуна суктанып келишкен. Ысык-Көл дүйнөдөгү бийик тоолуу көлдөрдүн ичинен аянты боюнча экинчи (Түштүк Америкадагы Титакака көлүнөн кийин) орунду ээлейт. Чыгыш Ысык-Көл чокулары асман мелжиген жана ак кар, көк муз чулгаган тоолордун ортосунан орун алган өзүнчө бир керемет жаратылыш. Байыркы замандардан бери Ысык-Көлгө келгендер мейли жоокерби, соодагерби же саякатчыбы, айтор бардыгы аны бермет жана башка асыл нерселерге салыштырып келишкен. Ал эми акындар эң мыкты ырларын, жазуучулар повесттерин жана романдарын, журналистер макалаларын арнаган. Ысык-Көл аты

уйкаш өрөөндүн борбордук бөлүгүндө Күнгөй Ала-Тоосу менен Тескей Ала-Тоосунун ортосунда деңиз денгээлинен 1608 м бийиктикте жайланышкан. Чыгыш Ысык-Көлдүн суусу абдан тунук келет. Күндүн ачык мезгилинде көлдүн үстү көгүлтүр тартып турат. Көлдүн температуралык режими анын тереңдиги жана туздуулугу менен байланыштуу. Кышында көлдүн бетиндеги суунун температурасы +4,2 - +5,0°С га төмөндөйт, ал эми жайында +18,0°С га чейин жогорулайт. Көлдүн өзүнө тиешелүү балыктары, канаттуулары бар. Балыктын 12 түрү, ал эми көлгө башка жактан алынып келинген балыктын байырлаштырылган 12 түрү бар. Алардын ичинен балуу промыселдик түрлөрү төмөнкүлөр: Ысык-Көл чабагы, Ысык-Көл чабакчасы, Ысык-Көл көк чаары, Ысык-Көл маринкасы, каңылтыр, Ысык-Көл судактары. Ысык-Көл чабагы-көлдүн жергилүктүү балыгы. Көлдүн тайыз, суусунун туздуулугу төмөн жерлеринде жашайт. Көлгө коё берилген судак балыгы чабакты жана майда чабактарды жеп аларды азайтып жиберди. Майда чабак көлдөгү эң көп балык. Көлдүн баардык аймактарында кезигет.

**Ак-Суу-Арашан рекреациялык жайы.** Ысык-Көл обласынын Ак-Суу районундагы өсүмдүктөргө бай карагай, бадалдуу, ысык булак чыккан тоолуу кооз жер. Тескей Ала-Тоонун түндүк капталында, Алтын Арашан суусунун ортоңку жана Алмалынын (Ак-Суунун куймалары) төмөнкү агымынан орун алган. Райондун борбору Теплоключенкодон 10-20 км түштүктө. Басымдуу бийиктиги 2500-2800 м, эң бийик жери 3500 м. Аянты 30-35 км$^2$. Меридиан багытында созулган субъеквенттик типтеги өрөөн: таманы түзөң тоо капталдары тик (30-40°), төмөн жагында кууш капчыгай бар. Жайы серүүн (июлдун орточо температурасы 12- 15 °С). Кышы жылуу (январдыкы -5-10 °С). Жылдык жаан - чачыны 500-700 мм. Алтын Арашанда эмгекчилер эс алып, дарылануучу үйлөр бар [7].

**Көк-Жайык рекреациялык жайы** - Ысык-Көл өрөөнүндөгү кооз жер. Жети-Өгүз суусунун ортоңку агымында жайгашкан. Жети-Өгүз районунун аймагында таманынын узундугу 3 км туурасы 1 км дей. Тескей Ала-Тоонун бийик бөлүгү менен орто бийиктиктеги Көк Бел тоосунун ортосунда кеңдик багытында созулуп жаткан байыркы өрөөндүн бир бөлүгүн ээлейт. Жети-Өгүз өрөөнүнүн тегиз жана жайык бөлүгү. Өрөөн аркылуу Жети-Өгүз суусу агып өтөт. Таманы жантайма (5-10°) түздүк, асты палеогендин кызыл түстүү тектерине, үстү байыркы мореналарга, флювиогляционалдык чөкмөлөргө, ошондой эле аллювий-проливий тектерине толгон. Көк-Жайыктын башы (түштүк чыгыш тарабы) байыркы өрөөн мөңгүсү жаткан тепкич сымал өрөөн, түндүгүндө Көк Бел тоосун Жети-Өгүз суусу кесип өтүшүнөн пайда болгон антецденттик кууш Өрөөндүн капталдарына кыска кокту, сайлар мүнөздүү. Климаты мээлүүн континенттик; июльдун орто ченинде жылыйт, температурасы 13 °С, январдыкы -7,5°С. Көк-Жайык шиберлүү жана токойлуу (карагай бадалдуу) кооз ландшафты менен өзгөчөлөнөт. Маанилүү жайкы жайыт. Эс алууга ыңгайлуу. Мында малчылардын майрамы, улуттук оюндар өткөрүлүп турат. Жайкы туризм өнүккөн. Көк-Жайыктын формасы жагынан чыгыш жагы ачык табигый стадион сыяктуу жер. Түштүк жана батыш капталдары калың карагайлуу токой, түндүгү кызыл аскалар, ортосу көк шиберлүү түздүк. Кийинки жылдарда түз жерлерге карагай отургузулуп, табигый коoздук бузулган. Түндүк жагынан Көк-Жайыкка келе жатканда «жарылган жүрөк» деген кооз кызыл тоо көрүнөт. Өрөөнгө автомашина жолу жетет. Көк-Жайыктан 4-5 км төмөнүрөөк «Жети-Өгүз» курорту жайгашкан.

**Кырчын рекреациялык жайы -** Күнгөй Ала-Тоонун түндүк капталындагы тектоникалык чуңкурчак: Ысык-Көл районундагы Кичи Ак-Суунун ортонку агымындагы кооз жер. Ысык-Көлдөн 13-15 км аралыкта деңиз-деңгээлинен 2000-2300 м бийиктикте (көлдөн 400-800 м бийик) жайгашкан. Узундугу 7-9 км, туурасы 2-2,5 км. Түндүгү жана түштүгү тик

капталдуу батышы Көк-Бел жана Бел-Булак мойноктору, чыгышы Үч-Күнгөй, Көк-Дөбө менен чектешет. Тектоникалык көтөрүүлүнүн натыйжасында Ак-Суу өрөөнүнөн бөлүнүп калган чуңкурчак. Ооз жагы кууш, ичи кеңейип, тектирлүү. Эң үстүнкү тектирге суу нугунан 600-700 м бийиктикте жатат. Неоген, антропоген мезгилдеринде пайда болгон чөкмөлөрдөн турат. Климаты континенттик, январдын орточо температурасы -4° -6 °С июлдуку 15-20 °С. Жылдык жаан-чачыны 350-500 мм. Чыгыш капталын Ак-Суу сайынан баштап четин, шилби, ыргай аралаш чытырман карагай токою ээлейт, калың шилби өсөт. Желе Карагай суусунан чыгыш тарапта арча басымдуу келип, шибер бетегелүү. Кырчын-тунук суулуу түркүн өсүмдүктөргө бай өзгөчө кооз жер. Мында Ысык-Көл районунун малчылар майрамы өткөрүлүп турат. Туристтик база бар [7].

Кырчын аркылуу Сүттүү-Булак (3200м), Желекарагай (4200м), Кууганды Төр (3890м) жана Ак-Суу (4150м) ашууларына баруучу туристтик жолдор өтөт.

**Жети-Өгүз кызгылт аскалары** Жети-Өгүз өрөөнүнүн токой тилкесиндеги карагай-бадалдуу-шалбалуу жана кызгылт аскалуу өтө кооз аймак. Мында дарылык касиеттери өтө жогору болгон минералдуу ысык булактар бар, мындай булактардын өздөрү да жаратылыш эстеликтери болуп саналат [7].

**Сан - Таш курган комплекси** - Түп өрөөнүнүн орто ченindеги карагай - бадалдуу шалбалуу кооз жер. Бул жерге кошумча колорит берген «Сан-Таш» тарыхый эстелиги. Мындагы таш дөбөнүн бийиктиги 4 м ге жакын, диаметри 60 м. Төбөсүндө терендиги 2,3 м жана диометри 10 м болгон чуңкур бар, бул чуңкур байыркы кездерде эле көрүстөндөгү баалуу буюмдарды уурдоо мезгилде пайда болгон [7, 8, 9].

**Барскоон шаркыратмасы** – Ысык-Көл өрөөнүндөгү кооз шаркыратма. Барскоон өрөөнүндө батыш капталынан агып түшкөн Шаркырак суусунун ортоңку агымындагы карбондун слонец жегинен түзүлгөн тик кашаттан агып түшүп, диаметри 10-15 м ге чейин фонтан сымал чачырайт. Айланасында карагай токою, чытырман бадалдар, четин, тал, итмурун, шилби, сары жыгач жана башка жапалак арча өсөт. Бийиктиги 24 м. Чоң шаркыратмадан 150 м төмөн бийиктиги 12 м келген кашатта экинчи шаркыратма пайда болгон. Барскоон шаркыратмасы туристтер эс алуучу жай. Анда 1962-жылы дүйнөнүн тунгуч космонавты Ю.А. Гагарин болгон.

Ысык-Көл облусунун чыгыш зонасында **Жыргалаң, Ак-Суу, Жети-Өгүз, Тамга** климаттык бальнеологиялык жана баткак менен дарылоочу курорттор, ошондой эле бир нече курорт аймактары кирет. Ысык-Көлдүн жээгиндеги курорттор жайгашкан аймактын кышы мелүүн жумшак келип, жайы салкын. Жыргалаң курорту – Ысык-Көл облусунда Түп районунун аймагындагы климаттык-бальнеологиялык-дары баткактуу тоо курорту. Жети-Өгүз курорту–Ысык-Көл өрөөнүнүн тескейиндеги бальнелогия климаттык курорт, Ак - Суу курорту - Ак-Суу районундагы бальнелогиялык климаттык курорт. Тамга курорту **-** Ысык-Көл облусунун суу менен дарылоочу курортторору калктын рекреакциялык муктаждыктарын канагаттардырган жайлар болуп саналат [7, 8, 9].

### Колдонулган адабияттар:


1. Алымкулов Д.А. «Кыргыз жергеси ден соолуктун булагы» Бишкек: «Кыргызстан» 1992. – 68 б.
2. Алиев Э., Исаев А., Токомбаев Ш. «Тоо койнундагы көгүлтүр бермет» Фрунзе: «Кыргызстан» 1982. – 18 с.
3. Геоморфологические и гидрометеорологические исследование береговой зоны озера Иссык-Куль. Фрунзе. 1983. – 37 с.

4. Исаев Д.И. и др. Рельеф Киргизии. Фрунзе. 1964.
5. Исаев А. Токомбаев Ш. «Ысык-Көл жер соорусу, эл сыймыгы». Фрунзе. 1980. 18-20 б.
6. Исаев А., Алиев Э., Токомбаев Ш. Тоо койнундагы көгүлтүр бермет. Фрунзе. 1982. – 12 б.
7. Чонтоев Д.Т. Проблемы рационального использования природных ресурсов Иссык-Кульской области и пути их решения. Бишкек. 2002. – 12 б.
8. Национальный доклад о состояние окружающей среды Кыргызкой Республики за 2011-2014 годы. Бишкек, 2016. – 110с.
9. Окружающая среда в Кыргызской Республике: Нацстатком Кыргызской Республики. Бишкек. 2016. – 118 с.

**Рецензент: г.и.к., доцент Аблешов Т.**